# УРМАТТУУ САЙТТЫН КОЛДОНУУЧУЛАРЫ!

Сиздин интернет-кайрылууңузду электрондук почта аркылуу, биздин дарегибизге жөнөтүүчү Порталга кош келиңиз.

Кайрылууну электрондук почта аркылуу жөнөтүүнүн алдында Сизге нускама менен таанышууну сунуштайбыз.

# ЭЛЕКТРОНДУК КАЙРЫЛУУЛАР БОЮНЧА НУСКАМА

Кайрылууңузду электрондук почта аркылуу биздин дарегибизге жөнөтүүнүн алдында төмөнкү маалымат менен таанышыңыз.

1. Кайрылуулардын Порталы аркылуу электрондук түрдө жөнөтүлгөн кайрылуулар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын кароосуна келип түшөт.
2. Электрондук кайрылууну жөнөтүүнүн алдында форманы туура толтуруу зарыл.
3. Эгерде кайрылуучу жарандын фамилиясы, аты, атасынын аты (акыркысы – бар болсо) жана электрондук почтанын дареги (e-mail) көрсөтүлгөн болсо, жооп авторго электрондук документ формасында жөнөтүлөт.

4. Кайрылуунун каралышы жөнүндө анын авторуна билдирме формада көрсөтүлгөн электрондук почтанын дареги (e-mail) боюнча электрондук түрдө жөнөтүлөт.
5. Электрондук кайрылуунун көлөмү 4 миң белгиден ашпайт.
6. Кайрылуулар «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык төмөнкү учурларда кароого кабыл алынбайт:

- адепсиз жана кемсинтүүчү, мазактоочу сөздөр камтылса;
- текст латиницаны колдонуу менен орус тилинде жазылса же бардык сөздөр баш тамга менен жазылса, сүйлөмдөргө ажыратылбаса;
- почтасынын дареги толук жана так көрсөтүлбөсө;
- кайрылуу арызданууу, даттануу, сунуштоо иретинде жазылбаса;
- андан тышкары, мамлекеттик бийликте төңкөрүш жасоого, улуттар аралык жана конфессиялар аралык жаңжалга үгүттөөлөрдү камтыса.

7. Электрондук түрдө жөнөтүлгөн кайрылуулардын авторлорунун жекече маалыматтары жекече маалымат жөнүндө мыйзамдын талаптарын сактоо менен сакталат жана иштетилет.